# БЕЛЕК КАРТАЛАРЫН КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Белек карталарын колдонуунун бул эрежелери (мындан ары – Эрежелер) О!Деньги тиркемесинде жайгаштырылган Белек карталарын сатып алуу жана колдонуу шарттарын аныктайт.

## 1. Негизги түшүнүктөр.

1.1. **Оператор** – «О!Деньги» тиркемесинин ээси жана укук ээси, «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсы (КРУБдун №2021030817, №3022030817 лицензиялары, 03-август 2017-ж.).

1.2. **Белек картасы** – бул Жабдуучунун өнүмүнүн/кызмат көрсөтүүсүнүн наркынын эквивалентин камтыган, ошондой эле нарктын төлөнгөндүгүн жана Жабдуучудан тиешелүү товарды/кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн аны көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн тастыктаган Карта. Мында товарды берүү же кызмат көрсөтүү акы төлөнбөстөн жүргүзүлөт, анткени бардык төлөм Белек картасын сатып алууда алдын ала төлөнөт.

1.3. **Колдонуучу** – Төлөөчү же Белек картасына ээлик кылган башка адам (Белек картасынын ээси). Күмөн саноолорду болтурбоо үчүн, Төлөөчү же башка адам Колдонуучу болуу менен бул Эрежелердин шарттарын толук кабыл ала тургандыгын жана аларга макул боло тургандыгын, ошондой эле аларды сактоого милдеттенээрин Оператор эскертет, ал эми Колдонуучу макул болот.

1.4. **Жабдуучу** – Жабдуучунун товары/кызмат көрсөтүүсү үчүн белгилүү бир сумманы Жабдуучунун пайдасына төлөө фактысын каттоону каалаган Белек карталарынын эмитенти, Төлөөчү же Белек картасынын башка ээси кийин ал сумманы өз каалоосу боюнча колдоно алат, анын ичинде Жабдуучунун ыктыяры боюнча белгиленген Белек картасын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде аны белекке бере алат.

1.5. **Эрежелер** – Белек карталарын колдонуу боюнча ушул эрежелер.

1.6. **Сервис** – ушул Эрежелердин алкагында Белек карталарын колдонуу шарттары.

1.7. **Белек картасын колдонуу мөөнөтү** – Жабдуучу тарабынан аныкталган мөөнөт, ал мөөнөттүн ичинде Белек картасын Жабдуучунун товарын/кызмат көрсөтүүсүн алуу үчүн колдонууга болот. Белек картасын колдонуу мөөнөтү Белек картасында көрсөтүлөт жана кайра кароого же узартууга жатпайт, бирок жумуш эмес майрам күндөргө жана башка объективдүү себептерге байланыштуу өзгөрүшү мүмкүн. Бул учурда толук маалыматты тиешелүү Жабдуучудан алуу зарыл.

## 2. Жалпы жоболор.

2.1. Колдонуучу болуп саналган адам ушул Эрежелерди сактоого тийиш. Белек картасын сатып алуу, ошондой эле аны колдонуу Колдонуучунун (анын ичинде Белек картасынын ээсинин) ушул Эрежелерге шартсыз макулдугун билдирет.

2.2. Колдонуучу Белек картасын толук колдоно албагандыгы үчүн Оператор жоопкерчилик тартпайт. Күмөн саноолорду болтурбоо үчүн, Белек картасын колдонууда тобокелдиктер Колдонуучуга жүктөлөрүн, ал эми Оператор Колдонуучунун ар кандай аракеттерине байланышкан жоопкерчиликтен бошотуларын Оператор эскертет жана Колдонуучу макул болот.

2.3. Белек картасын анын максатына ылайык, тактап айтканда, Белек картасынын түрүнө жараша анда көрсөтүлгөн товарга/кызмат көрсөтүүгө буйрутма берип алуу үчүн гана колдонууга болот. Белек картасы боюнча башка товарлар/кызмат көрсөтүүлөр берилбейт/көрсөтүлбөйт. Белек картасын кайтаруу же акча каражатына алмаштыруу шарттары Жабдуучу тарабынан өз алдынча аныкталат.

2.4. Колдонуучу Белек картасынын коддорун сактоо үчүн бардык чараларды көрүүгө жана аны үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого тийиш. Белек картасы уруксатсыз колдонулганы үчүн Оператор жоопкерчилик тартпайт, анткени Белек картасы көрсөтүлүүчү карта болуп саналат жана анын сатылып алынгандыгын Колдонуучу өзү тастыктоосу талап кылынбайт.

2.5. Белек картасы боюнча товарды/кызмат көрсөтүүнү алуу боюнча иш-аракеттер Белек картасын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде гана жүргүзүлүшү керек. Белек картасын колдонуу мөөнөтү боюнча бардык талаптарды Колдонуучу Жабдуучуга жөнөтүүгө тийиш.

2.6. Колдонуучу Белек картасын сатып алуу менен Белек картасын сатып алууда көрсөтүлгөн товардын/кызмат көрсөтүүнүн сүрөттөмөсүнө жана наркына макул болот, ошондой эле Белек карталары боюнча ар кандай доо-талаптарды Белек картасын кайсы Жабдуучудан сатып алган болсо, ошол Жабдуучуга жөнөтөрүнө макул болот, анткени Белек картасы боюнча товарларды берүүгө/кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан бардык мамилелер түздөн-түз Жабдуучу менен Колдонуучунун ортосунда болот. Оператор товарды/кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү болуп саналбайт жана товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын начардыгына жана/же Белек картасынын жараксыздыгына байланыштуу Колдонуучулардын талаптарын кабыл алуу жана канааттандыруу үчүн Жабдуучу тарабынан ыйгарым укук берилген адам болуп саналбайт.

2.7. Белек карталарынын түрлөрү жана аларды колдонуу формалары, ошондой эле тигил же бул мезгилде, тигил же бул сатуу түйүнүндө сатып алуу же колдонуу үчүн Белек карталарынын жеткиликтүүлүгү Жабдуучу тарабынан аныкталарын Оператор эскертет, ал эми Колдонуучу макул болот.

## 3. Сервисти баяндоо.

3.1. Колдонуучу «О!Деньги» тиркемесинин «Белек карталары» бөлүгүндө Жабдуучунун Белек карталарынын категориялар боюнча бөлүнгөн актуалдуу каталогун көрө алат.

3.2. Белек картасын сатып алуу үчүн Колдонуучу «О!Деньги» төлөм системасынын идентификацияланган колдонуучусу болушу керек.

3.3. Белек картасын сатып алуу үчүн Колдонуучу төмөнкү иш-аракеттерди аткарууга тийиш:

- Колдонуучу «О!Деньги» тиркемесинин ичиндеги «Белек карталары» бөлүгүнө кириши керек;
- каталогдон керектүү Белек картасын тандап алышы керек;
- Колдонуучу Белек картасын тандап алгандан кийин, ал аны өзү үчүн сатып ала алат же башка акыркы алуучуну көрсөтө алат;
- андан кийин Колдонуучу «О!Деньги» аркылуу төлөм жүргүзөт.

3.4. Белек картасын сатып алгандан кийин, ага 6 орундуу код жана QR-код ыйгарылат. Белек картасын колдонуу үчүн Колдонуучу 6 орундуу кодду айтышы керек же QR-кодду кассирге же Жабдуучунун сатуучусуна көрсөтүшү керек.

3.5. Белек карталарын эки жол менен колдонууга болот:

- «О!Деньги» тиркемеси аркылуу. Бул учурда Колдонуучу «О!Деньги» төлөм системасынын идентификацияланган колдонуучусу болууга тийиш;
- 6 орундуу код же уникалдуу QR-код аркылуу. Бул учурда Белек картасынын ээси «О!Деньги» төлөм системасынын колдонуучусу болушу милдеттүү эмес.

3.6. Белек карталары төмөнкүдөй түрдө болушу мүмкүн:
- бир жолку колдонуу үчүн номиналга Белек картасы;
- бир жолку колдонуу үчүн товарга же кызмат көрсөтүүгө Белек картасы;
- көп жолу колдонуу үчүн номиналга Белек картасы;
- көп жолу колдонуу үчүн товарга же кызмат көрсөтүүгө Белек картасы.

3.7. Колдонуучуга Сервистин алкагында «О!Деньги» тиркемесинде төмөнкүдөй иш-аракеттер жеткиликтүү:
- Белек карталарынын актуалдуу каталогун көрүү;
- сатылып алынган жана белекке алынган Белек карталарын «Менин Белек карталарым» бөлүгүнөн көрүү;
- «Тарых» бөлүгүндө Белек карталарын колдонуунун тарыхын көрүү;
- Белек картасын сатып алуу («О!Деньги» төлөм системасынын идентификацияланган колдонуучулары үчүн гана);
- Белек картасын белекке алуу;
- Белек картасын башка адамга өткөрүп берүү, мында башка адам Белек картасын Колдонуучудай эле бирдей өлчөмдө колдонууга укуктуу (Белек картасын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейин).

3.8. Оператор Колдонуучуга Белек картасын сатып алуу, Белек картасын алуу болгону жөнүндө жана Белек картасын колдонуу мөөнөтү аяктаганы жөнүндө билдирүүлөрдү жөнөтүүгө укуктуу.

## 4. Башка шарттар.

4.1. Оператор «О!Деньги» тиркемесине жана Сервистин шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана жаңы функцияларды кошууга укуктуу. Жаңыланган шарттар dengi.kg сайтында жеткиликтүү. Колдонуучу киргизилген өзгөртүүлөргө макул болбогон учурда Сервисти колдонууну токтотууга милдеттүү.

4.2. Сервис жөнүндө кошумча маалымат алуу үчүн Колдонуучу +996 700 000 999 номери аркылуу Оператордун колдоо кызматына кайрыла алат.

4.3. Колдонуучу Белек карталарын сатып алууга байланыштуу Сервистин ишинде каталарды, так эместиктерди байкаган учурда, Сервистин ишинде табылган каталарды жана так эместиктерди сүрөттөп, dengi@dengi.kg электрондук почтасына билдирүүнү жөнөтүү менен бул тууралуу Операторго билдирүүгө милдеттенет.

4.4. Сервис боюнча кызмат көрсөтүүлөр жана бардык талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлөт жана чечилет.

Түзүлгөн күн: 31.07.2024-ж.